КЕЛЕЧЕККЕ КЫЗЫКСАҢ КЕЛ

# “Барсбек – кыргыз каганы”, “Манас күмбөзү”, “Үкү” коллекциялык монеталары чыкты




**Буга чейин дүйнө өлкөлөрүнүн дээрлик бардыгында коллекциялык монеталар чыгарылып, алардын баалуулугу жыл өткөн сайын артып, нумизматиктерди кайдыгер калтырбай келгендиги баарыбызга маалым. Кыргызстан да эгемендүү өлкө болгондон бери КР Улуттук банкы (УБ) түрдүү сериялардагы 50 коллекциялык монеталарды чыгарган. Быйыл да Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата коллекциялык монеталардын беш түрүн чыгарды.**

УБнын нак акчалар башкармалыгынын эксперттик бөлүмүнүн башчысы Алексей Фалеевдин айтымында, быйыл УБ “Кыргыз каганатынын доору” сериясына арналган “Барсбек – кыргыз каганы” аталыштагы күмүш 10 сом номиналындагы жана жез-никель 1 сом номиналындагы, “Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери” сериясындагы күмүш “Манас күмбөзү” 10 сом монетасы менен жез-никель 1 сом монетасы, ошондой эле “Кыргызстандын Кызыл китеби” сериясындагы күмүш “Үкү” 10 сом монетасы чыгарылды.

“Барсбек – кыргыз каганы” коллекциялык монетасынын негизги сюжети курал-жарагы шайма-шай, тегеректе көз чаптырып турган кыргыз мамлекетинин калыптанышына зор салым кошкон Барсбек кагандын элестүү образы. Экинчи планда болсо кылкылдаган жоокерлер, аларды улуу жүрүшкө баштап бара жаткандай элес калтырган илбирстин башы түспөлдөшкөн булуттун түшүрүлүшү кагандын аллегориялык образын ачып берген. Ошондой эле монетанын алдыңкы бетинде Барсбек кагандын бийлиги өкүм сүрүп турган кылым, монетанын номиналы (10 сом / 1 сом), металлдын сапаты, салмагы көрсөтүлгөн. Монетанын арткы бетинде Кыргыз Республикасынын герби, “Улуу кыргыз каганаты” сериясынын аталышы, төмөнкү бөлүгүндө монетанын чыгарылган жылы көрсөтүлгөн. Бул коллекциялык монетанын өзгөчөлүгү өзгөчө технология менен, тактап айтканда, оксидирлөө технологиясы менен чыгарылган. Баса белгилей кетүүчү нерсе, күмүш “Барсбек – кыргыз каганы” монетасы 2 миң даана болсо, жез-никель “Барсбек – кыргыз каганы” 5 миң даанада чыгарылган.

Экинчи монета бул “Манастын күмбөзү” коллекциялык монетасы. Анын негизги элементи Манас күмбөзүнүн сүрөтү жана “Манас” эпосунун үчилтигиндеги баяндалган сюжеттер. Монетанын жогору жагында монетанын аталышы, сапаты, салмагы көрсөтүлсө, төмөн жагында кыргыз оюу-чиймдери коштогон монетанын номиналы (10 сом же 1 сом) көрсөтүлгөн. Монетанын арткы бетинде Кыргыз Республикасынын герби, “Манас” күмбөзүндөгү оюу-чиймелер, “Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери” сериясынын аталышы жана чыгарылган жылы түшүрүлгөн.

Ал эми “Үкү” коллекциялык монетасы кыргыз жеринин керемет кооз жериндеги үкүнүн сүрөтү тампондук басуу ыкмасында чебердик менен түшүрүлгөн. Монетанын алдыңкы бетинде монетанын аталышы кыргыз “Үкү” жана латын “Bubo Bubo” тилинде берилген, металлдын салмагы, сапаты, анын номиналы (10 сом) да көрсөтүлгөн. Монетанын арткы бетинде болсо “Кыргызстандын Кызыл китеби” жазуусу менен улуттук герб, монетанын чыгарылган жылы түшүрүлгөн.

Ар бир күмүш коллекциялык монета акрил капсуласы менен капталып, сапаттык сертификаты менен атайын кутучаларга салыныптыр. Кошумчалай кетсек, “Манас күмбөзү” күмүш 10 сом монетасы 2 миң даана, ал эми жез-никель “Манас күмбөзү” 1 сом монетасы 5 миң даана чыгарылган. “Үкү” күмүш 10 сом монетасы болсо 3 миң даана даярдалыптыр. УБнын Нак акчалар башкармалыгынын эксперттик бөлүмүнүн башкы экономисти Медина Ашыралиеванын айтымында, “Барсбек – кыргыз каганы” күмүш монетасынын сатуу баасы 2 миң сом, “Манас күмбөзү” монетасынын сатуу баасы 1 800 сом жана “Үкү” монетасы 1 500 сом турса, жез-никелден жасалган коллекциялык монеталар 100 сомдон сатыкка коюлат. “Барсбек – кыргыз каганы” менен “Манас күмбөзү” монеталар Казакстан зерканасында жасалса, “Үкү” монетасы Словакия зерканасында даярдалды. Каалоочулар 11-августтан баштап Улуттук банктын жогорку кассасынан күндүзгү саат 9.00дөн 12.00гө чейин бул монеталарды сатып алышса болот. “Барсбек – кыргыз каганы” менен “Манас күмбөзү” монеталардын сүрөт авторлору Мурат Сагинбаев жана “Үкү” монетасынын автору Каныбек Турумбеков. Кубана турган жагдай жылдан жылга биздин нумизматикалык рыногубуз өсүп, коллекциялык монеталарга болгон суроо-талап да жогорулап баратат. Буга эл аралык нумизматикалык конкурстарда биздин монеталар жеңишке жетиши күбө. Келечекте дагы кандай коллекциялык тыйындар чыгарына кызыккандар болсо Улуттук банктын сайтына кирип 2016-жылдан 2023-жылга чейинки пландарыбыз менен таанышса болот” дейт Медина Ашыралиева.

**Мелис СОВЕТ уулу**